АК-ТАЛАА РАЙОНДУК БИЛИМ
БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

МУРЗАБЕК БАЛБАКОВ
АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ

Инд : 722507
Ак Чий айылы
Уста Турдуке көчөсү № 41
balbakov.mektep @mail.ru

АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ

СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ
МУРЗАБЕКА БАЛБАКОВА

инд : 722507
село Ак Чий
ул. Уста Турдуке №41
balbakov.mektep @mail.ru

« 4 » июнь 2022 – жыл

Ак-Талаа райондук
билим берүү бөлүмүнө

# Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин китепканачысы Агыбаева Аида Искендеровнанын 2021-2022-окуу жылына карата текстуалдык отчету.

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында китепкананын иш кагаздары такталып, жылдык планы түзүлүп бекитилди. Жылдык пландын негизинде иш жүргүзүлүп 15-сентябрь күнү 1-11-класстардын окуучуларына окуу китептери таратылып берилди. Жетпеген китептер боюнча райондук билим берүү бөлүмүнө маалымат берилди. 8-сентябрь «Сабаттуулук күнүнө» карата окуучулар менен онлайн сабак өтүлүп, маалымат берилди. 23-сентябрь «Кыргыз тили күнүнө» карата китепканада бурч уюштулду. Балдар жана өспүрүмдөрдүн жумалыгы өткөрүлүп турду. «Жаңы китеп» долбоору менен иш алынып барылып китепкана фондундагы окуу китептери толугу менен базага киргизилди. 5-6-7-8-9-класстарынын ижарага берилген китептери такталып, ал китептерине ижара акылары төгүлдү. Ижара үчүн 5-6-7-8-9-класстар жалпы 2375 сом төгүштү. «Окуу керемет» долбоорунун алкагында «Окуу сааты» ар бир айда өткөрүлүп, аны менен катар балдар үчүн жомок китептердин санын арттыруу максатында «Китеп куржун» уюштурулду. «Улуттук адабият күнүнө» карата Чыңгыз Айтматовдун өмүрү, чыгармачылыгы боюнча китепканада бурч уюштурулду.10-11-класстардын окуучулары менен биргеликте кыргыз тили жана адабияты мугалимдери Рыскулбекова Медина жана Болот уулу Нарынбектер конференция өткөрүштү. Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына саякат сүрөт конкурсу уюштурулуп, дил баяндарды жазышты. Жыл ичинде «Окурман достор» жуп-жубу менен 1-2-3-4-класстардын окуучулары бирге китептерди окуп, окуган китептери тууралуу айтып берип окууга болгон, китепке болгон кызыгууларын өнүктүрө алышты. Жыл ичинде жаңы келген китептерге штамп басылып мектеп китепкана фондусуна кириштелди. 2-апрель «Балдар китебинин эл аралык күнү», Жаштар үчүн китептер көргөзмөсүнүн жумалыгынын алкагында китеп көргөзмө уюштурулду. Жыл бою китептердин сакталышы, сыртталышы боюнча рейддер

жүргүзүлүп турду. Класс жетекчилерине маалыматтар берилип, жыйынтык чыгарылды. 23-апрель «Бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө» карата «Китеп билим булагы, Китеп акыл чырагы» аталышында райондук семинар өткөрүлдү.

| № | Убагы | Өтүлүүчү иш-чаралардын мазмуну | Сабактын тиби, формасы | Классы | Өтүлүүчү жай | Кимдер жооптуу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 9.00<br>9.30 | Семинарга катышуучуларды кабыл алуу | Каттоо | | | БӨУ, Кыздар уюму<br>Мектеп жамааты |
| 2 | 9.30.<br>10.00 | Кофе брейк | | | Ашкана | Мектеп жамааты |
| 3 | 10.00.<br>10.10 | Жолугушуунун ачылышы М. Балбаков атындагы орто мектеби жөнүндө маалымат | Презентация | | Актовый зал | Мектеп директору Дөөлөтбеков А |
| | | *Ачык сабактар* | | | | |
| 4 | 10.25.<br>11.10 | Ачык сабак «Бадыраң» | Угам, окуйм, түшүнөм стратегиясы Quizizz, Baaloo App пограммалары | 4-класс | Адабий окуу | Мамытова Бейшегүл |
| | | Ачык сабак «Бөлүм боюнча кайталоо» | Аңгемелерди окуу Wordwall, Baaloo App программалары | 2-класс | Мекен таануу | Смайылбекова Гүлайым |
| | | Ачык тарбиялык саат «Китепти окуп, баркын бил!» | Аралаш Слайд | 11-класс | Актовый зал | Мамбеталиева Анаркүл |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | 11.15-<br>12.30 | Окуу сааты. Келген коноктор окуучуларга китеп окуп беришет | Аңгемелерди окуу | Ата-эне окуучулар Айыл өкмөт башчысы | Даярдоо, 1-2-3-4-класстардын кабинеттери | Агыбаева Аида<br>Клас жетекчилер |
| | | «Жомоктор дүйнөсүнө саякат» | Мастер класс | Ата-эне окуучулар | Актовый зал | Аскарова Кундуз |
| | | Изилдөө долбоору<br>1.Эң биринчи китеп кантип пайда болгон?<br>2.Эмне үчүн деңиздин суусу туздуу?<br>3.Баардыгы динозаврлар тууралуу<br>4.Мен баргым келген өлкө.<br>5.Буудай канча күндө өнүп чыгат? | Аралаш | Ата-эне окуучулар | Актовый зал | Рыспаева Медина |
| 6 | 12.30-<br>13.00 | Талкуу. Жыйынтыктоо. | | | Актовый зал | Мектеп администрациясы<br>Мектеп жамааты |

Семинарда жалпысынан жогорудагы иш чаралар өткөрүлдү. Өткөрүлгөн иш чаралар эң жогорку деңгээлде жыйынтыкталып, спонсорлор тарабынан окуучуларга белектер берилди. Азыркы учурда окуу китептерин окуучулардан чогултуу алдында турабыз

***Китепканачы*** ***Агыбаева Аида Искендеровна***